**«Илимий-техникалык олимпиада жөнүндө» жобо**

1. **Жалпы жоболор**

1.1. Илимий-техникалык олимпиада жөнүндө бул жобо (мындан ары - Олимпиада) Олимпиаданы уюштуруу жана өткөрүү, анын жеңүүчүлөрүн жана байге ээлерин аныктоо тартибин аныктайт.

1.2. Олимпиаданын маанилүү миссиясы адамзат цивилизациясынын жашоосунда инженердик негиздерди демонстрациялоодо, өлкөнүн окуучуларын техникалык чыгармачылыкка жана инженердик билим берүүгө мотивациялоодон, жаштарда техникалык ой жүгүртүү стилин өнүктүрүүдөн, заманбап жаштарда жамаатта иштей билүүнү тарбиялоодон турат.

1.3. Олимпиада бир катар предметтер боюнча өткөрүлөт: физика, математика, техника, технология. Бул билим берүү процессинде STEM мамилелерге туура келет. Олимпиаданын профилине туура келүүчү предмет – физика. Олимпиаданын тапшырмасы өзүнө колдонмо механиканын жана машина куруунун, техникалык термодинамиканын, туруктуу жана өзгөрүлмөлүү токтун чынжырчасынын электротехникасын, заманбап технологиянын элементтерин, аткаруучулук механизмдерди программалоо жана башкарууну, техника жана технологиянын өнүгүү тарыхы боюнча маселелерди камтыйт. Олимпиаданын тапшырмалары айкын чагылдырылган инженердик багыттарга ээ, бирок физика, математика, информатика, химия жана башка табигый предметтер боюнча мектеп программасынын татаалдыгынын чегинен чыкпай, заманбап окуучунун өнүгүү деңгээлинде берилген.

1.4. Конкурска Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлөрдүн **10 жаштан 18 жашка** чейинки окуучу жаштары катышат (окуучулар, мектептен тышкары кошумча билим берүү мекемелеринин тарбиялануучулары).

1.5. Кызыккан катышуучулар жыйынтыктоочу турга эки команданы чыгарат: **жаштар** – команданын курамына **14 жаштан 18 жаштагылар** кирсе**, өспүрүмдөр** – команданын курамына **10 жаштан 13 жаштагылар** кирет. Команданын курамына сунушталган топтордун чегинде ар кандай жаш курактагы окуучулардан турган 4 адамга чейин кире алат.

Ушундай түрдө, өз ара окутуунун салттары, тажрыйба алмашуунун жана ар кандай жаш курактагы жана ар кандай даярдыктагы жаштардын баарлашуусу; катышуучулардын мыкты жетишкендиктерин өткөрүп берүүчүлүгү жана долбоор үстүндө иштөөнүн келечеги түптөлөт.

## 2. **Конкурстун уюштуруучулары**

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги;
2. «Алтын түйүн» Улуттук балдар инженердик-техникалык академиясы.

## 3. Өнөктөштөр

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы;
2. И. Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети;
3. Б.Ельцин ат. Кыргыз–Россия Славян университети.

## 4. **Олимпиада уюштуруу жана өткөрүүнүн тартиби**

4.1. Олимпиада эки этапта өткөрүлөт: тандоо жана жыйынтыктоочу. Олимпиаданын тандоо этабы аймактар боюнча өтүп жаткан жылдын февраль айына чейин өткөрүлөт. Жыйынтыктоочу этап катышуучунун жеке катышуусу менен өткөрүлөт. Жыйынтыктоочу этаптын мөөнөтү жана өткөрүлө турган жери жөнүндө тандоо этабынын катышуучу-жеңүүчүлөрүнө кабарланат.

Олимпиаданын тандоо туру эки бөлүк боюнча өткөрүлөт. Биринчи бөлүк - теориялык, экинчи - практикалык. Тандоо этабында иштерди баалоо эксперттик комиссиянын мүчөлөрү тарабынан өткөрүлөт. Тандоо турунун жеңүүчүлөрү жыйынтыктоочу этапка катышууга сунушталат. Эмгектердин авторлору уюштуруу комитети тарабынан чакыруу алышат.

Олимпиаданын жыйынтыктоочу этабы өтүп жаткан жылдын күчтүүнүн күчтүүсү болгон командасын аныктоонун үч этабын караштырат. **Биринчи теориялык этапта «Илимий-изилдөө темасына үй тапшырма»** темасында өтүп жаткан үчүн массалык маалымат каражаттарында («Кут билим» гезитинде же «Алтын түйүн» академиянын www.rdita.kg сайтында) алдын ала жарыяланган презентация аркылуу аныкталат. Баяндаманын, презентациянын жана башка илимий-изилдөөчүлүк иштердин мазмуну 20 машинкада жазылган барактан ашпоого тийиш, ага сүрөттөр, схемалар, таблицалар, графика жана фотографиялар кирет (иллюстрациялык материал $A_4$ же $A_3$ форматында берилет). Текст кийинки бөлүктөрдү камтыйт: киришүү (түшүндүрмө берүүчү бөлүгүн, долбоордун актуалдуулугун негиздемесин, маанисин, проблеманын коюлушун, максатын, милдетин жана изилдөөнүн методдорун туюндурулушун, гипотеза эмнеден тургандыгын, илимий жаңычылдыгын камтыйт), негизги мазмуну, конструктордук жана технологиялык чечимдер, жыйынтыктар жана практикалык сунуш-көрсөтмөлөр, жыйынтыктар; адабияттардын тизмеси, тиркемеси. Команданын аткарылган тапшырмасы бекитилген критерийлерге ылайык баллдын саны аркылуу бааланат.

**Жыйынтыктоочу турдун экспресс этабында** командаларга бирдей куралдардын, шаймандардын жана конкурстук тапшырманын **макеттеринде, моделдеринде** колдонулуучу материалдар топтому белгиленген убакыт ичинде жоопторду берүүгө, техникалык проблемалуу темага болгон идеяларга колдонуу үчүн берилет.

Экспресс этаптын практикалык ишин аткаруу алдында командалардын илимий теманын үстүндө өз алдынча иштей алуу жөндөмүн аныктоо үчүн **илимий эссенин темасы берилет**. Тема боюнча баяндаманы капилет жасоосун аткарууга бардык командалар үчүн белгилүү бир убакыт берилет. Экспресс-баяндаманы п**резентациялоо баяндаманын идеясын түшүндүрүү менен графикалык жана текст түрүндө А1 ватманда аткарылат.**

**Үчүнчү практикалык этапта илимий-техникалык тема боюнча «моделди иштеп чыгуу үчүн үй тапшырманын» чегинде аткарылганды коргоо каралат**, ал массалык маалымат каражаттарында өтүп жаткан жылда алдын ала жарыяланат («Кутбилим» гезитинде же «Алтын түйүн» академиянын www.rdita.kg сайтында).

Долбоорлорду коргоо командалар тарабынан эл алдында, ачык талкуу үстүндө өткөрүлөт. Чыгып сүйлөп жаткандарга суроо берүүгө бардык катышуучуларга жана калыстарга баяндаманын темасы боюнча гана берүүгө жол берилет. Аткарылган долбоорлор, моделдер, макеттер жана аларды жактоонун деңгээли баллдардын санына жараша тапшырмалардын критерийлерине бекитилгендерге ылайык бааланат. Конкурстук тапшырманын тапшырмасынын темасын уюштуруу комитети жыл сайын алмаштырат.

Долбоорлор милдеттүү түрдө долбоордун техникалык-экономикалык жактан негиздемесин, ушул сыяктуу чечимдерди патенттеген изделиши берилген коштомо документацияны камтууга тийиш.

Аймактык мелдештердин, чет өлкөлүк командалардын катышуучу командалары-жеңүүчүлөрү катышат. Аткарылган долбоорлор, моделдер жана макеттер тапшырмаларга белгиленген критерийлерге ылайык баллдардын саны менен бааланат, топтолгон баллдар менен суммаланат, алар теориялык жана экспресс этаптын конкурстук тапшырмаларын аткарууда алынган.

Конкурстун жеңүүчүлөрү жана байге ээлери ар бири жаш курагына ылайык тийиштүү түрдө дипломдор жана байгелер менен сыйланышат (жаштар жана өспүрүмдөр лигасы боюнча), Илимий-техникалык олимпиаданын атайын Өтмө кубогу менен баллдары боюнча көбүрөөк топтогон аймак сыйланат. Өтмө кубок бир жыл бою жеңүүчүдө сакталат, ал кийинки жылы биринчи орунду алган командага тапшырылат. Эгерде 3 жыл бою бир эле аймак жеңе турган болсо, бул өткөрүп берүүсүз жеңүүчүлөрдө Өтмө кубок калат деген укук берет. Конкурстун бардык катышуучуларына сертификаттар тапшырылат.

**5. Конкурска катышуунун шарттары**

Конкурска катышуу үчүн табыштамалар, баяндамалар жана башка илимий-изилдөөчүлүк эмгектер, ошондой эле үлгү, макеттер, моделдер ж.б. түшүндүрмөсү кийинки дарек боюнча жөнөтүлөт: 720017, Бишкек ш., Манас пр., 1, т.: (0312) 31-58-47, 31-58-82.

Финалга катышууга чакыруу сунушталган эмгектер жана материалдар эксперттик комиссиянын баалоосунан жана тандоосунан кийин гана жөнөтүлөт. Конкурсту уюштуруучулары жыл сайын конкурска катышуу үчүн квотасын белгилешет.

**Табыштаманын формасы**

1. Катышуучунун (катышуучулардын) аты, фамилиясы.
2. Жетекчилердин аты-жөнү.
3. Аймагы, уюму, классы, тобу.
4. Долбоордун аталышы.
5. Продукттун түрү (макет, экспонат, модель, буюм, изилдөөчүлүк долбоор, электрондук версиясы).
6. Долбоорго карата аннотация (долбоордун мазмуну жана маанилүүлүгү; тапшырманы чечүүнүн ыкмасы; күтүлүп жаткан эффект).

**6. Долбоорду (ишти) тариздөөгө карата талаптар:**

**6.1.** Иштин теориялык бөлүгү конкурска терилген түрдө, папкада же мукабаланган түрдө (А4 форматындагы баракта), жана электрондук түрдө флешкада же компакт-дискте сунушталууга, же алдын ала уюштуруу комитетинин электрондук почтасына жөнөтүлүүгө тийиш.

**6.2**. Иштин титулдук барагы кийинки маалыматтарды камтууга тийиш: иштин аталышын, фамилияны, атын, атасынын атын, автордун (авторлордун) туулган күнүн, долбоордун (иштин) аткарылган жылын, почта индексин, почтасынын толук дарегин, телефондорун (шаарды коду менен), электрондук почтанын дарегин, факсын, долбоорду аткаруучу окуп жаткан уюмдун, мекеменин атылышын, чыгармачыл жамааттын аталышын (жамааттк иштер үчүн), фамилиясын, атын, атасынын атын, жетекчисинин кызматын.

**6.3.** Иштин аннотациясы (моделдин, макеттин, түзүлүштүн) иштин көлөмүн, таблицалардын санын, сүрөттөрдүн, иллюстрациялардын, пайдаланылган адабияттардын булактарын жана тиркемелерди санын көрсөтүү менен 1 машинкада басылган баракта иштин мазмунун тезис түрүндө баяндалышын камтууга тийиш.

**6.4.** Экспонаттардын габариттери 100 х 200 см ден, салмагы - 50 кг дан ашпоого тийиш. Графикалык иштер (каалаган аткарылган техникада) 40 х 60 см ден ашпаган өлчөмдө сунушталат. Видеороликтердин жана мультфильмдердин узактыгы 5-10 мүнөттөн узак болбоого тийиш.

**6.5.** Колдонуудагы моделдердин, макеттердин, түзүлүштөрдүн электрдик кубат алуусунун чыңалуусу 12 Вольттон ашпоого тийиш (сөнөр жай кубат алуусунун стандарттуу мааниси).

## 7. Иштерди баалоонун критерийлери

Ишти баалоонун жүрүшүндө ишти жасоодо компьютердик, маалыматтык технологиялардын элементтери пайдаланылгандыгына, иштин жаңычылдыгына жана актуалдуулугуна, долбоорду иштеп чыгууда чыгармачыл мамиле жасалгандыгына, аткарылган ишке катышуучулардын канчалык деңгээлде катышкандыгына, жыйынтыктардын илимий жана практикалык маанисине, ишти тариздeлиш сапатына жана дизайнына, иллюстрациялык материалдын болушуна жана сапатына, аткаруунун оригиналдуулугуна, аткаруу техникасынын деңгээлине, экспонаттардын жасалышына заманбап технологиялар менен конструктордук чечилиштердин пайдаланылышына, конкурстун финалында долбоордун корголгондугуна (материалдык так берилгендиги, жыйынтыктардын аргументтелиши, суроолорго жооп берүүлөр) артыкчылык берилет.

## 8. Жыйынтык чыгаруу жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо

**8.1.** Тандоо этаптарында ишке баа берүүлөр эксперттик комиссиялардын мүчөлөрү тарабынан жүргүзүлөт.

**8.2.** Финалга катышууга жол берилген иштерди баалоо компетенттүү калыстар тарабынан жүргүзүлөт, алар конкурстун уюштуруу комитети тарабынан түзүлөт. «Илимий-техникалык олимпиада» конкурсунун калыстарынын курамына окумуштуулар, адистер, ЖОЖдордун, окуучулардын техникалык чыгармачылыгы боюнча борборлордун, уюмдардын окутуучулары, келип түшкөн иштердин спецификасына жараша ишканалардын жана өнөр жайлардын адистери чакырылат.

**8.3.** Конкурстун жыйынтыгы жалпыга маалымдоо каражаттарына же «Алтын түйүн» академинян сайтында жарыяланат (www.rdita.kg).

**8.4.** Конкурстун жеңүүчүлөрү жана байге ээлери тиешелүү дипломдор жана акчалай байгелер менен сыйланат. Республикалык конкурстун бардык катышуучуларына сертификаттар тапшырылат.

**8.5.** Байгелүү орундарга ээ болгон иштер «Алтын түйүн» академиянын интернет сайтында жарыяланат жана башка тематикалык көргөзмөлөргө коюлат, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын мезгилдүү басылмаларына басылып чыгат.

**ЭСКЕРТҮҮ**

Интернеттен көчүрүп алынган диссертациялар, баяндамалар, рефераттар конкурска катышуусуна жол берилбейт.

**Байланыш маалыматтары:**

**«Алтын түйүн» Улуттук инженердик-техникалык балдар академиясы**

**т.(0-312)31-58-47;31-58-18, ф.(0-312)31-58-47 rdita.at@gmail.com**